КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

КЫЗЫЛ-СУУ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА КЫЗЫЛ-СУУ

**Кызыл-Суу айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**I чакырылышынын 8-сессиясынын**

## ТОКТОМУ

"27" 06 2025-жыл №92 — Кызыл-Суу айылы

**Жууку дарыясын кум чайкаган желерин тазалоо жана жээгин бекитүү иштерин жүргүзүп туруу жөнүндө.**

Кызыл-Суу айыл аймагына караштуу Саруу айылындагы Жууку дарыясынын көлгө куя турган аягынан кум чайкап жаткан жана жээгин эрозияга учуратып жеп жаткан жэрлерин бекитүү иштерин жүргүзүп туруу менен кум чайкаган жерлеринен кум–шагыл материалдарын алып тазалап туруу боюнча К. Иманалиевдин кайрылган арызын карап чыгып, талкуулап жергиликтүү кенешинин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ.**

**1.** Кызыл-Суу айыл аймагына караштуу Саруу айылындагы Жууку дарыясынын көлгө куя турган аягынан кум чайкап жаткан жана жээгин эрозияга учуратып жеп жаткан жэрлерин бекитүү иштерин жүргүзүп туруу менен кум чайкаган жерлеринен кум–шагыл материалдарын алып тазалап туруу боюнча К. Иманалиевдин кайрылган арызы эске алынсын

2.Кызыл-Суу айыл өкмөтүнүн аймагындагы Саруу айылындагы Жууку дарыясынын көлгө куя турган жэрлеринен, кум чайкап жээгин эрозияга учуратып жеп жаткан жэрлеринде бекитүү иштерин жүргүзүп,кум чайкаган жерлеринен кум –шагыл материалдарын алып тазалоо иштерин жургүзүп туруу боюнча ишти мыйзам чегинде чечүү жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Нурбек уулу Алишерге жүктөлсүн.

3.Кум чайкаган жерлерди тазалоо жана бекитүү иштерин жана кум шагыл ала турган жерлерди көзөмөлгө алуу айыл өкмөтүнүн алдындагы конкурстук комиссияга жана жергиликтүү кенешинин жер жана агрардык маселелер боюнча туруктуу комиссияга милдеттендирилсин.

4.Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин жер жана агрардык маселери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы Нурбек уулу Алишерге тапшырылсын.

Төрайым — Г.Чыныбаева